***Полициялык кеңеш берүү тобу Кыргызстанда качанкыга чейин болушат?***

Кыргызстан менен макулдашуунун негизинде, полициялык кеңеш тобун Кыргызстанга 4 айга жөнөтүү пландалган.

52 полиция кеңешчилер Ош жана Жалал-Абад облустарына жайгашышып, өз милдеттерин аткара баштагандан тартып 4 ай эсептелинет. Кыргызстан алардын келээр алдында бир канча жумага алдыңкы топту жөнөтүү пландалган.

Топтун мандатын узартуу үчүн Кыргызстан жана башка ЕККУнун 55 мүчө-мамлекеттеринин макулдугу талап кылынат.

***Полициялык кеңеш берүү тобунун коопсуздугун кимдер камсыз кылышат?***

Топтун мүчөлөрү тажрыйбалуу профессионал полициялар болушат, аларга байланышты жаа коопсуздукту камсыз кылыш үчүн жабдыктар, брондолгон бир жерден экинчи жерге жүрүү каражаттары берилет. Полициялык кеңеш берүү тобунун мүчөлөрү куралданбайт. Кыргызстандын Өкмөтү жана укук коргоо органдары алардын коопсуздугун Кыргызстандын жөнөкөй жарандарынын коопсуздугун камсыз кылгандай эле камсыз кылышат.



***ЕККУ ушул сыяктуу иш-чараларды мурда аткарды беле?***

1998-2000-жылдары **Хорватияда** 120 кишиден турган ЕККУнун полициялык байкоочу тобу иштешкен. Жашаган жерлерин таштап кеткен адамдардын кайтып келишине жергиликтүү полиция кандай иштеп жаткандыгына байкоо жүргүзүшкөн.

2001-2002-жылдары мурдагы югославиялык Македония Республикасына 60 полиция кеңешчилери жайгаштырылган. Алар мурда жаңжал болгон райондордогу укук коргоо күчтөрүн кайра базалоого түрткү болушкан, жана полиция менен жергиликтүү калк арасындагы мамилени калыбына келтирүүгө жардам беришкен.


**Центр ОБСЕ в Бишкеке**
ул. Токтогула, 139,
Бишкек, Кыргызстан, 720001
Тел: +996 312 66 50 15
Fax: +996 312 66 31 69
e-mail: pm-kg@osce.org


ОБСЕ

# ЕККУнун полиция кеңешме тобунун Кыргызстандагы ишмердиги



### ЕККУ деген эмне?

Европадагы коопсуздук жана кызмат боюнча уюму (ЕККУ) 1975-жылдан баштап ишке киришкен. 1992-жылдын 30-январынан Кыргызстан көз карандысыз мамлекет катары ЕККУга кирген.

ЕККУ 56 мамлекетти бириктирет.

ЕККУнун максаты – бардык региондордогу коопсуздукту бекемдөө жана мүчө мамлекеттер арасындагы кызматташтыкты өркүндөтүү болуп саналат. ЕККУнун негизги үч багыттагы - аскерий-саясат, экономика-экологиялык жана адам укуктары боюнча иш алып барат.

ЕККУнун чечимдери ЕККУга мүчө мамлекеттеринин бир добуштан кабыл алынат.

Түштүк-чыгыш Европада, Чыгыш Европада, Түштүк Кавказда жана Орто Азияда ЕККУнун 18 талаа миссиялары жана бөлүктөрү бар. Бишкек шаарында ЕККУнун борбору бар.

Аскердик альянс жана бейпилдикти орнотуучу күчтөр ЕККУга кирбейт.

### ЕККУнун полициялык кеңеш берүү тобун Кыргызстанга жайгаштыруу жөнүндө чечим кантип кабыл алынган?

2010-жылдын 14 июнунда Кыргызстан официалдуу түрдө ЕККУга өлкөдөгү кыйынчылыктан чыгуу боюнча, региондогу абалдардын курчушун алдын-алуу жана улут аралык чыңалууну басаңдатуу, ошондой эле жаңжалдан кийин мамлекетти калыбына келтирүү үчүн Кыргызстанга жардам көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган.

Кыргызстандын бийлиги менен бирге иштеген ЕККУнун эксперттери кырдаалды кылдат талдап жана анын негизинде, Полициялык кеңеш берүү тобун киргизүүнү сунуштады. 22-июнда Кыргызстан бул сунушту кабыл алууга даярдыгын билдирди.

22-июлда ЕККУнун мүчө мамлекеттеринин бардык өкүлдөрү анын ичинде Кыргызстан дагы, Кыргызстандын түштүгүнө 4 айга Полициялык кеңеш берүү тобун киргизүүгө добуш беришти.



Топтун иштөө мөөнөтүн Кыргызстандын бийлиги жана ЕККУнун башка 55 мүчө-мамлекеттеринин макулдашуусу менен узартууга мүмкүн.

### ЕККУнун полициялык кеңеш тобу деген эмне?

ЕККУнун полициялык кеңеш берүү тобу – ЕККУнун мүчө мамлекеттеринин ичинен 52 эл аралык полиция кеңешчилеринен турган топ.

ЕККУнун полициялык кеңеш берүү тобунун Ош шаарында штаб квартирасы болот жана алар 6 командадан турат. Ар бир команда ИИМдин өзүнчө аймактык бөлүктөрүндө жайгашышат. Ар бир команда жетекчиден, эл аралык полиция офицерлеринен (7 адамга чейин), жергиликтүү кошуундар менен иштөө үчүн ортомчулардан жана жергиликтүү котормочулардан турат. Алар жергиликтүү калк менен ана жергиликтүү кошуундар менен кызматкер катары өз ара кызмат жүргүзүшөт.

Полициялык кеңеш тобу – бул тынчтык орнотуучу күчтөр эмес. Кыргызстанга эл аралык тынчтык орнотуучу күчтөрүн киргизүү маселелери каралган эмес.

### Полициялык кеңеш тобуна кимдер кирет?

Азыркы убакта полициялык кеңеш берүү тобуна мүчөлөрдү тандоо процесси жүрүп жатат. ЕККУнун бардык мүчө мамлекеттери өздөрүнүн талапкерлерин топтун курамына киргизүүгө акылуу. Полициялык кеңеш тобуна тандоодо төмөнкү факторлор эске алынат:

- укук коргоо органдарындагы кесиптик тажрыйбасы
- укук коргоо органдары менен жергиликтүү калктын ортосундагы келишпестик мамилелерди жөнгө салуу тажрыйбасы
- улуттар аралык араздашууларды иш тажрыйбасы
- жергиликтүү калктын каада-салтын билүү деңгээли
- орус тилин/ же жергиликтүү тилди (кыргыз же өзбек) билүүсү.

Полиция офицерлеринен тышкары топко жергиликтүү калк менен иштөө үчүн ортомчулар кирет.

### Полициялык кеңешчилер эмнелерди жасай алышат жана жасоого болбойт?

ЕККУнун полициялык кеңеш тобунун ишинин негизги максаты – ИИМдин бөлүктөрү менен региондогу калк арасындагы ишенички чыңдоо болуп саналат.

Топтун 2 негизги маселеси – ИИМдин аймактык бөлүктөрүнүн ишине көз салуу жана улут аралык чыңалууну басаңдатуу жана коомдук тартипти орнотуу үчүн аларга кеңеш берүү. Полициялык кеңешчилер нейтралдуу жак катары бул бөлүктөрдүн иштерин өркүндөтүү үчүн эмнелерди жасаш керектигин аныктай алышат.

Топтун катышуучулары окуяга кандайдыр-бир жол менен кийлигишүүгө, адамдарды кармоого жана камакка алууга, жана кылмыш ишин тергөөгө укугу жок.

Топтун алдына июнь айындагы окуяны тергөө маселеси каралган эмес.

### Полициялык кеңеш берүү тобунун өкүлүн кантип билсе болот?

Полициялык кеңеш берүү тобунун өкүлүнүн сырткы айырмачылык белгиси катары алардын өз мамлекетинин улуттук полиция формалары, шлем же берет жана жеңдеринде "ЕККУнун полициялык кеңешчиси" деген ак таңуулары менен болот. Полициялык кеңеш берүү тобу куралданбайт.

### Элдер полициялык кеңешчилерге кантип карыла алышат?

ЕККУнун полициялык кеңеш тобун мүчөлөрү ИИмдин жергиликтүү кызматкерлерин көчөлөрдө патрулдоо учурунда коштоп жүрүшөт. Полициялык кеңешчилер менен чогуу иштеген жергиликтүү котормочулар аркылуу элдер аларга кайрыла алышат.

